«Макулдашылды» «Бекитем»

_______________ _______________

**ЖӨБ башчысы** **МИ директору**

- -

**«_________________»**
**муниципалдык ишкананын сатып алууларын уюштуруу эрежелери**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Сатып алууларды уюштуруу эрежелери (мындан ары – Эрежелер) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибине ылайык иштелип чыкты жана «___________» муниципалдык ишканасынын товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууларын уюштуруу жана ишке ашыруу маселелерин жөнгө салат.

2. Каражаттарды пайдалануунун үнөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун камсыз кылуу максатында, сатып алууларды жүзөгө ашырууда Муниципалдык ишкана (мындан ары – Ишкана) төмөнкү принциптерге негизденет:

1) атаандаштыкты кеңейтүү, тандоо процессинде конкурстун катышуучуларына карата адилеттүү, бирдей жана калыс мамиле жасоо;

2) түзүлгөн келишимдерге карата ачыктык жана айкындык.

## 2-глава. Терминдер жана аныктамалар

3. Ушул Эрежелерде төмөнкү негизги түшүнүктөр колдонулат:

**рынокту талдоо -** товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногун бардык жеткиликтүү каражаттар (интернет сайттары, товарлардын электрондук каталогу, оферта, мурун түзүлгөн келишимдер, коммерциялык сунуштар ж.б.у.с.) менен изилдөө, анын жыйынтыктары сатып алуулардын натыйжалуулугун жана сапатын камсыздоо үчүн колдонулат;

**аффилирленген жак** – мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерди кошпогондо, катышуучусу же уюштуруучусу сатып алуучу уюм болуп саналган жана иши атаандаштык жөнүндө мыйзамдарга карама-каршы келбеген, төмөндө көрсөтүлгөн белгилердин бирине же бир нечесине туура келген жак:

- сатып алуу жол-жоболору боюнча чечим кабыл алууга таасир этүүчү жак;

- Ишкананын жетекчиси жана кызматкери, ошондой эле алардын жакын туугандары же жакын адамдары;

- саясий мамлекеттик кызматты, саясий муниципалдык кызматты, атайын мамлекеттик кызматты ээлеген адам болуп саналган жеткирүүчүнүн же консультанттын катышуучусу (уюштуруучусу) жана жеткирүүчүнүн же консультанттын уставдык капиталында үлүшкө ээ болгон анын жакын туугандары же жакын адамдары;

**жеткирүүчүнүн сунушун кепилдик камсыз кылуу** - ушул Эрежелерде каралган форма боюнча жеткирүүчүнүн сунушунун милдеттенмелеринин аткарылышын камсыз кылуу ыкмасы;

**демпинг баасы** - сатып алуучу уюм/Ишкана тарабынан аныкталган сатып алуу предметинин пландаштырылган наркынан 20 пайыздан ашуун төмөн болгон жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө жана товарларга жеткирүүчү тарабынан сунушталган баа;

**сатып алуулар** – Ишкананын өндүрүштүк ишин жана талаптагыдай иштөөсүн камсыз кылуу үчүн зарыл болгон товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу, төмөнкүлөрдөн тышкары:

– жыйымдарды, алымдарды, төлөмдөрдү, мүчөлүк төгүмдөрдү, анын ичинде соттордо талаш-тартыштарды чечүү, акы төлөнүүчү мамлекеттик, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр менен байланышкан төлөмдөргө акы төлөө;

– ички жана мамлекет аралык рыноктордо электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын, ошондой эле коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу;

– ишкердик иштин субъекти болуп саналбаган жеке же юридикалык жактар тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтарды, анын ичинде жеке нотариустардын, жеке адвокаттардын, брокерлердин кызмат көрсөтүүлөрүн, товарлардын экспертизасын, товарлардын келип чыгышы жөнүндө сертификаттарды ж.б. сатып алуу;

– командировкалык жана ага байланыштуу чыгымдардын, өкүлчүлүк чыгымдарынын ордун толтуруу;

– мүлккө убактылуу ээлик кылуу жана/же пайдалануу (ижарага алуу) укугун сатып алуу;

– банктык кызмат көрсөтүүлөр;

**конкурстук документтер** - конкурстарды өткөрүүнүн шарттарын, тартибин (анын ичинде сатып алуу жөнүндө келишимдин долбоорун) камтыган конкурстук табыштаманы даярдоо үчүн Ишкана конкурстун катышуучусуна (подрядчыга) берилүүчү документтердин пакети, ага карата кандай гана болбосун өзгөртүүлөр;

**конкурстук комиссия** – товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча конкурс өткөрүү үчүн Ишкананын директорунун буйругу менен түзүлгөн, Ишкананын штаттык

кызматкерлеринин ичинен так санда жана 3 адамдан кем эмес түзүлгөн коллегиялык жумушчу орган;

**конкурстук табыштама** - конкурстук документтердин талаптарына ылайык конкурска катышуу үчүн конкурска катышуучусу тарабынан берилүүчү сунуш;

**кызыкчылыктардын кагылышуусу** - Кыргыз Республикасынын “Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө” Мыйзамында көрсөтүлгөн адамдардын коомдук-укуктук милдеттери менен жеке (өздүк) кызыкчылыктарынын ортосундагы конфликт, мында алардын жеке (өздүк) кызыкчылыктары алардын кызматтык милдеттерин аткаруусуна таасир этет же таасир этиши мүмкүн, бул жарандардын, уюмдардын же мамлекеттин укуктарынын жана таламдарынын бузулушуна алып келет же алып келиши мүмкүн;

**сатып алуулардын планы** - белгилүү бир мезгилге пландаштырылган товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жөнүндө маалыматты камтыган документ;

**конкурстун катышуучусу** - товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүү боюнча сатып алуу жол-жоболоруна катышкан юридикалык же жеке жак;

**система** - кайсынысына жеткиликтүү болгонуна жараша электрондук сатып алууларды жүргүзүү жана (же) сатып алуулар жөнүндө маалыматты ачыктоо үчүн маалымат системасы, анын ичинде Ишкананын же жогору турган уюмдун веб-сайты (расмий сайты), ошондой эле сатып алууларды жарыялоо жана (же) жүргүзүү үчүн https://tenders.kg же https://zakupki.kg/ адистештирилген маалымат системалары;

**сатып алуулардын натыйжалуулугу** - керектүү сапаттагы, керектүү мөөнөттө, оптималдуу баадагы товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү Ишкананын муктаждыктарын канааттандырган сатып алуу;

**сунуштарды баалоо** - сатып алуу тууралуу документтерде белгиленген критерийлерге жеткирүүчүлөрдүн сунуштарынын ылайыктуулугун аныктоо процесси;

**жеткирүүчү** (подрядчы) - товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүү боюнча сатып алуу жол-жоболоруна катышкан кайсы болбосун юридикалык же жеке жак.

## 3-глава. Сатып алууларды жүргүзүү процесси

4. Сатып алууларды жүргүзүү процессине төмөнкүлөр кирет:

1) сатып алууларды пландоо;

2) жеткирүүчүнү тандоо;

3) келишимди түзүү жана аткаруу.

5. Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууну уюштуруу жана жүзөгө ашыруу маселелерин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, ушул

Эрежелерде каралбаган усулдар жана ыкмалар менен сатып алууларды жүзөгө ашырууга тыюу салынат.

6. Сатып алууларды жүргүзүүдө Ишкананын конкурстун катышуучуларынын аффилирленген жактары менен кызыкчылыктарынын кагылуушусуна жол берилбейт.

7. Ушул Эрежелерде белгиленген тартипте конкурстун ишенимсиз (ак ниетсиз) катышуучуларынын (жеткирүүчүлөрдүн) ички реестрине киргизилген жеткирүүчүлөр 1 календардык жылдык мөөнөткө сатып алууларга катышууга жол берилбейт.

## 4-глава. Сатып алууларды пландоо

8. Ишкана бир календардык жылга сатып алуулар планын түзөт (1-тиркеме).

Кезектеги мезгилге сатып алуулар планынын долбоорун түзүү сатып алуулар боюнча бөлүмгө же сатып алууларды жүзөгө ашыруу функциясы жүктөлгөн адиске (мындан ары – сатып алуулар боюнча адис) жүктөлөт.

9. Ишкананын бухгалтериясы, пландык-экономикалык бөлүмү сатып алуу планынын долбооруна пландаштырылган мезгилден мурунку жылдын 25-октябрынан кечиктирбестен сатып алууга болжолдонгон товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу планынын долбооруна киргизүү жөнүндө сатып алуулар боюнча адиске сунуш киргизет.

10. Ишкананын бухгалтердик балансынын, өндүрүштүк программаны ишке ашырууну талдоосунун, кызматкерлеринин сунуштарынын негизинде, сатып алуулар боюнча адис сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн пландаштырылган наркын аныктоо үчүн рынокту мониторингдөө жолу менен сатып алуулар планын түзөт жана аны Ишкананын директорунун бекитүүсүнө киргизет.

11. Сатып алуулар планы сатып алуулардын аталышын, анын ичинде сатып алууларды ишке ашыруу үчүн бөлүнгөн сумманы жана товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүн/санын, ошондой эле аларды жыл ичинде сатып алуу мөөнөттөрүн камтууга тийиш.

12. Сатып алуулардын баштапкы планы Ишкананын бекитилген бюджетинин негизинде Ишкана тарабынан учурдагы жылдын 15-декабрынан кеч эмес мөөнөттө түзүлөт жана бекитилет. Сатып алуулардын такталган планы Ишкананын такталган бюджети бекитилген күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде Ишкана тарабынан түзүлөт жана бекитилет.

13. Ишкана сатып алуулардын такталган планы бекитилгенге чейин каалаган убакта сатып алуулар планына өзгөртүүлөрдү жана (же) толуктоолорду киргизүүгө укуктуу. Бекитилген сатып алуу планын өзгөртүү үчүн негиз болуп товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн ассортиментин көбөйтүү, Ишкананын өндүрүштүк программасына киргизилбеген кошумча иштер, товарларга, жумуштарга жана кызмат көрсөтүүлөргө баалардын өзгөрүшү саналат. Такталган планды Ишкананын

директору бекитет, андан кийин Ишкананын учурдагы өндүрүштүк программасына тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилет.

## 5-глава. Конкурстук документтер

14. Конкурстук документтер төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

1) сатып алуу предметин;

2) сатып алуу методун жана ыкмасын, жеткирүүчүлөр тарабынан сунуштарды берүүнүн акыркы мөөнөтүн;

3) жеткирүүчү тарабынан өзүнүн квалификациялык маалыматтарын тастыктоо үчүн берилүүгө тийиш болгон документтик далилдерге карата талаптар:

а) салыктар жана камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздарынын жоктугу жөнүндө маалымат суралган стандарттуу товарлар;

б) сатып алуу жөнүндө документтерде лицензиялардын, квалификациялуу кызматкерлердин болушу, окшош тажрыйба жана салыктар жана камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздардын жоктугу сыяктуу жеткирүүчүлөрдүн квалификациясына карата минималдуу талаптар камтылган жумуштар;

4) товарды жеткирүү ордун, жумуштарды аткарууну жана кызмат көрсөтүүлөрдү жана алардын мөөнөттөрүн кошо алганда, сатып алуу предметинин толук сыпаттамасын (лоттордун сыпаттамасы):

а) сатып алынуучу товарлардын техникалык, сапаттык, функциялык жана эксплуатациялык мүнөздөмөлөрү, ошондой эле алардын саны;

б) Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык өнөр жай объекттерин курууну кошпогондо, курулуштун бардык көлөмүнө карата техникалык спецификациялар, долбоорлоо-сметалык документтер, долбоорлоо-техникалык чечимдер боюнча мамлекеттик экспертиза, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуудагы пландар, чиймелер жана эскиздер;

в) көрсөтүлүүгө тийиш болгон кызматтардын көлөмү;

5) чектелбеген метод менен сатып алууда: сатып алуучу уюм тарабынан жеткирүүчүлөрдүн сунушун баалоодо колдонулуучу бардык критерийлердин сыпаттамасын, анын ичинде акчалай түрдө көрсөтүлүүгө тийиш болгон бул критерийлердин салмагын;

6) бааны (улуттук валютада), анда сатып алынуучу товарлардын жана жумуштардын өздүк наркынан тышкары, ташууга жана камсыздандырууга чыгымдар, бажы алымдарын жана салыктарды төлөө жана баага таасир этиши мүмкүн болгон башка чыгымдар сыяктуу башка элементтер камтылууга тийиш.

Ишкана товарлардын жашоо цикли учурунда кийинки чыгымдар жөнүндө кошумча маалымат сурай алат:

7) келишимди кепилдик камсыз кылуунун формасына, өлчөмүнө жана колдонуу мөөнөтүнө карата талаптарды;

8) жеткирүүчүнүн сунушунун колдонуу мөөнөтүн;

9) кызмат көрсөтүүчүлөрдүн квалификациясынын деңгээлине жана квалификациялык талаптарга шайкештигин ырастоочу документтик далилдерге карата талаптар. Сатып алуу жөнүндө документтер басмырлоочу мүнөздөгү жеткирүүчүлөрдүн квалификациясынын деңгээлине карата талаптарды камтыбашы керек;

10) техникалык регламенттерде, стандарттардын жоболорунда же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка документтерде белгиленген талаптарга ылайык жеке жактардын өмүрүнө, ден соолугуна, айлана-чөйрөгө, анын ичинде жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн өмүрүнө жана ден соолугуна, жеке жана юридикалык жактардын мүлкүнө жана муниципалдык мүлккө зыян келтирүү менен байланышкан жол берилгис тобокелдиктерди жоюу максатында өндүрүш, сактоо, ташуу, сатуу, эксплуатациялоо, утилдештирүү процесстеринин талаптарына жеткирилүүчү товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн шайкештигин ырастоочу документтерди берүү жөнүндө жеткиүүчүлөргө талапты;

11) келишимге, ошондой эле келишимдин долбооруна киргизиле турган өзгөчө шарттар.

15. Конкурстук документтерди түзүүдө сатып алынуучу көлөмдөрдү, бир түрдүү (бир типтүү) товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн санын максималдуу атаандаштыкты камсыз кылуучу лотторго бөлүүгө жол берилет. Мында процесстердин технологиялык бүтүндүгү, компоненттердин техникалык жана функциялык байланыштуулугу, сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн комплекттүүлүгү камсыз кылынбаса, товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү лотторго бөлүүгө жол берилбейт.

## 6-глава. Сатып алууларды ишке ашыруу методдору, аларды уюштуруу жана өткөрүү

16. Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу процессин уюштуруу сатып алуу боюнча адис тарабынан жүзөгө ашырылат.

17. Сатып алуулар төмөнкү методдордун бири аркылуу жүргүзүлөт:

- конкурс (чексиз / чектелген катышуу менен);
- жөнөкөй сатып алуу;
- түз келишим түзүү.

### 6.1. Конкурс (чектелбеген / чектелген катышуу менен)

### 6.1.1. Чектелбеген катышуу менен конкурс

18. Чектелбеген катышуу менен конкурс квалификациялык талаптарды жана/же товарга, жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө карата техникалык талаптарды белгилөө зарыл болгон учурда колдонулушу мүмкүн.

19. Катышуусу чектелбеген конкурска катышууну каалаган конкурска катышуучулардын саны чектелбейт.

20. Чектелбеген катышуусу менен боло турган конкурс жөнүндө кулактандыруу, ошондой эле конкурстук документтер Системада жарыяланат жана анда төмөнкүлөр камтылууга тийиш: предмет, арыздарды кабыл алуунун аяктоо мөөнөтү, байланыш маалыматтары жана сатып алуунун пландалган суммасы.

Мында, сатып алуулардын атаандаштык жол-жобосун камсыз кылуу максатында Ишкана конкурстун потенциалдуу катышуучуларына/подрядчыларга алдыдагы конкурс жөнүндө жайгаштырылган кулактандыруу жөнүндө билдирүүлөрдү жөнөтүүгө укуктуу.

21. Конкурска катышууга табыштамаларды берүү мөөнөтү жарыяланган күндөн тартып 3 жумушчу күндөн кем болбоого тийиш.

22. Конкурстук табыштаманы берүү тартиби, керектүү документтердин тизмеси, ошондой эле башка талаптар жана шарттар конкурстук документтерде көрсөтүлөт. Конкурстук документтерде жеткирүүчүлөрдүн квалификациясынын деңгээлине карата талаптар, ошондой эле квалификациялык талаптарга ылайык келүүсүнүн документтик далилдерине карата талаптар белгиленет. Жеткирүүчүлөрдүн квалификациясынын деңгээли боюнча талаптар бардык сатуучуларга бирдей тиешелүү жана контракт түзүүгө мыйзамдуу укуктуулуктан тышкары төмөнкү минималдуу квалификациялык талаптарды камтыйт:

1) Кыргыз Республикасында салыктар жана камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздардын жоктугу. Кыргыз Республикасынын резидент эместери үчүн – келип жайгашкан өлкөнүн мыйзамдарына ылайык карыздар жөнүндө маалымат;

2) кызыкчылыктардын кагылышуусунун жоктугу;

3) финансылык отчеттуулук менен ырасталган чыгымдардын жоктугу жана финансылык жөндөмдүүлүктүн болушу;

4) лицензиялардын болушу (эгерде иш лицензияланса, Кыргыз Республикасынын резиденттери болуп саналбаган катышуучулар үчүн - катышуучусу Кыргыз Республикасы болуп саналган эл аралык контракттын негизинде лицензияны тараптар өз ара тааныган учурда, келип чыккан өлкөнүн лицензиясынын болушу);

5) контрактты жүзөгө ашыруу үчүн материалдык-техникалык базанын болушу;

6) тиешелүү квалификациядагы, зарыл билимге жана тажрыйбага ээ кызматкерлердин болушу;

7) сатып алуу предмети боюнча контракттарды аткарууда документтик жактан тастыкталган окшош тажрыйбанын болушу.

23. Конкурстук документтерди иштеп чыкканга чейин сатып алуунун натыйжалуулук принцибин жетекчиликке алуу менен Ишкана сатып алуу предметин лотторго бөлүү/бириктирүү жөнүндө чечим кабыл алат.

24. Ишкана конкурстук документтерде өзүнүн керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн коопсуздукка, ишенимдүүлүккө жана эксплуатациялык комплекттүүлүккө карата талаптарды белгилөөгө укуктуу.

25. Белгиленген мөөнөттөн кечиктирбестен конкурстун катышуучусу конкурстук табыштаманы электрондук почта аркылуу файлга кирүү сыр сөзүн белгилөө же ачуунун белгиленген тайминги менен берет. Файлдын сыр сөзү сунуштун ачылышын камсыз кылуу үчүн, Ишкана белгилеген мөөнөттөн кечиктирбестен жөнөтүлөт.

26. Өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгы Системада жарыялануусуга тийиш.

### 6.1.2. Чектелген катышуу менен конкурс

27. Чектелген катышуу менен конкурс төмөнкү учурларда өткөрүлүшү мүмкүн:

- эгерде сатып алуу купуя болсо;
- эгерде сатып алуу предметинин колдо болгон жабдуулар, системалар менен жана Ишкананын ички актыларында белгиленген критерийлер боюнча шайкештигин (айкалышуусун) камсыз кылуу зарыл болсо.

28. Ишкана төмөнкү товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, сатып алууну купуя деп аныктоого укуктуу:

- атаандаштыкка таасир этүүчү же аны өнүктүрүү үчүн стратегиялык мааниге ээ болгон Ишкананын ишин же негизги технологиялык, өндүрүштүк процесстерди камсыз кылууга арналган;
- коммерциялык жана/же кызматтык сыр болуп саналган, же эгерде конкурстук документтерде Ишкананын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнө таасир этүүчү коммерциялык жана/же кызматтык сыр болуп саналган маалыматтар камтылса.

29. Чектелген катышуу менен конкурс өткөрүүдө Ишкана өзү аныктаган конкурстун катышуучуларынын чөйрөсүнө чакыруу жиберет. Конкурс жөнүндө кулактандыруу жарыяланбайт.

30. Конкурска катышууга табыштамаларды берүү мөөнөтү конкурстун потенциалдуу катышуучусуна тиешелүү кабарлама жиберилген күндөн тартып 5 жумушчу күндөн кем эмес.

31. Конкурстук табыштаманы берүү тартиби, керектүү документтердин тизмеси, ошондой эле башка талаптар жана шарттар кабарламада көрсөтүлөт.

**6.1.3. Чектелбеген жана чектелген конкурстун жыйынтыктарын тариздөө**

32. Конкурстук табыштамаларды ачуу конкурстук комиссия тарабынан конкурстук документтерде аныкталган мөөнөттө (саатта жана күнү) жана жерде ишке ашырылат. Конкурстук табыштамаларды ачуунун жыйынтыгы конкурстук табыштамаларды ачуунун протоколу менен таризделет.

33. Баалоонун жыйынтыгы менен сатып алуулар боюнча адис сатып алуулар жол-жоболорунун протоколун түзөт (2-тиркеме), ага конкурстук комиссиянын мүчөлөрү кол коюшат.

34. Конкурстук табыштамаларды кароонун жана чечим кабыл алуунун жалпы мөөнөтү конкурстук табыштамалар ачылган учурдан тартып 3 иш күндөн ашпоого тийиш.

35. Жүргүзүлгөн сатып алуулар жол-жобосунун жыйынтыгы боюнча Ишкана конкурстук табыштамасы жеңүүчү деп табылган катышуучу менен конкурстук комиссия чечим кабыл алган күндөн тартып 3 жумушчу күндөн кечиктирбестен келишим түзүүгө укуктуу.

36. Конкурстун жеңүүчүсү деп жарыяланган катышуучу келишим түзүүдөн баш тарткан учурда Ишкана экинчи орунду ээлеген катышуучуга келишим түзүүнү сунуш кылууга укуктуу.

37. Конкурс жараксыз же болбой калды деп таанылган учурда, конкурс ушул Эрежелерде белгиленген тартипте кайрадан өткөрүлүүгө тийиш. Кайталанган конкурс жараксыз же болбой калды деп таанылган учурда Ишкана түз келишим түзүү методун колдонот.

38. Эгерде квалификациялык жана техникалык талаптарга ылайык келген бир конкурстук табыштама берилсе, Конкурс өттү деп эсептелет.

39. Төмөнкү учурларда Конкурс өткөн жок деп эсептелет:

- эгерде Конкурска катышууга арыз берүү үчүн белгиленген мөөнөттө бир дагы арыз берилбесе;

- эгерде бардык конкурстук табыштамалар конкурстук комиссия тарабынан квалификациялык жана техникалык талаптарга ылайык келбейт деп таанылса жана четке кагылса;

- эгерде сунуштун минималдуу баасы пландаштырылган сатып алуу бюджетинен ашып кетсе;

- эгерде сатып алуунун жеңүүчүсү же рейтинг боюнча кийинки орунду ээлеген конкурстун катышуучусу келишим түзүүдөн баш тартса.

40. Ишкана бир эле сатып алуунун ажырагыс бөлүгү болуп саналган лотту же лотторду ишке ашкан жок деп таанууга укуктуу.

41. Зарыл болгон учурда Ишкана конкурстун катышуучусунан конкурстун жыйынтыгы боюнча түзүлгөн келишимдин наркынын 25

пайызынан ашпаган товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча санын сатып алууга укуктуу.

### 6.1.4. Жеткирүүчүнүн сунушунун кепилдигин камсыз кылуу

42. Ишкана конкурстук документтерде конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылууну берүү жөнүндө талаптарды төмөнкүдөй формаларда белгилөөгө укуктуу:

1) Ишкананын эсебине киргизилүүчү сатып алуу предметинин пландаштырылган наркынын 2 пайызынан ашпаган өлчөмдөгү акча каражаты же банктык кепилдик түрүндө;

2) ушул Эрежелерде белгиленген форма боюнча жеткирүүчүнүн сунушун кепилдеген Декларация формасында (3-тиркеме).

43. Конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылуу жеткирүүчү тарабынан сунуштун шарттарын өзгөртпөй жана кайра артка чакырбай тургандыгына кепилдик берүү максатында, ошондой эле аны жеңүүчү деп аныктаган учурда келишим түзүлөт.

Жеткирүүчүнүн сунушунун кепилдигин камсыз кылуу жөнүндө талап, жеткирүүчү катары сатып алууга катышкан мамлекеттик жана муниципалдык ишканаларды кошпогондо, бардык жеткирүүчүлөргө бирдей тиешелүү.

44. Конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылууну берүү жөнүндө талаптарды белгилөөдө конкурстун катышуучулары Ишкананын конкурстук документтеринде каралган өлчөмдө жана формада конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылууну киргизүүгө тийиш.

Конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылуу акча каражаттары, депозиттер, облигациялар, банктык кепилдиктер, көрсөтүүчүгө депозиттик сертификаттар түрүндө берилиши мүмкүн.

45. Конкурстук табыштаманын кепилдигин камсыз кылуунун колдонулуу мөөнөтү конкурстук табыштаманын колдонулуу мөөнөтүнө дал келүүгө тийиш.

46. Конкурстук табыштаманын кепилдигин камсыз кылуу төмөнкү учурларда жети жумушчу күндөн кечиктирилбестен кайтарылат:

1) конкурстук документтерде көрсөтүлгөн конкурстук табыштаманын колдонуу мөөнөтү бүткөндө;

2) эгерде мындай кепилдик камсыз кылууну берүү конкурстук документтерде каралса, сатып алуу келишими түзүлгөндө жана бул келишимдин аткарылышын кепилдик камсыз кылуу берилгенде;

3) конкурстук табыштамаларды берүүнүн акыркы мөөнөтү аяктаганга чейин конкурстук табыштаманы кайра артка алганда;

4) мамлекеттик сатып алуулар келишимин түзбөстөн сатып алуулар жол-жоболору токтотулганда.

47. Ишкана конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылууну төмөнкүдөй учурларда кармап калат:

1) жеңүүчү конкурстук табыштамада каралган шартта келишимге кол коюудан баш тартканда, эгерде мындай режимдер киргизилгенге чейин сатып алуу жөнүндө кулактандыруу жарыяланган шартта, мындай баш тартуу өзгөчө кырдаал же өзгөчө абал режимин киргизүү менен байланыштуу болгон учурларды кошпогондо;

2) конкурстук табыштама ачылгандан кийин жана анын колдонуу мөөнөтү аяктаганга чейин аны кайра артка алганда;

48) конкурстук табыштамалар бар конверттерди ачкандан кийин конкурстук табыштаманын шарттары өзгөргөндө.

## 6.2. Жөнөкөй сатып алуу

49. Жөнөкөй сатып алуу атайын даярдоону талап кылбаган даяр товарларга же, конкреттүү сыпаттамасы бар жумуштарга жана кызмат көрсөтүүлөргө карата, квалификациялык талаптарды көрсөтпөстөн, сатып алуу планынын ар бир беренеси боюнча 3 000 000 сомго чейинки суммада сатып алууларды жүргүзгөн учурда колдонулушу мүмкүн.

50. Сатып алууларды жүргүзүүдө атаандаштыкты жана натыйжалуу тандоону камсыз кылуу үчүн конкурстун потенциалдуу катышуучуларынан алынган же рынокту талдоо жолу менен экиден ашык сунуштар каралат. Сунушу сапат боюнча талаптарга, техникалык талаптарга жооп берген жана эң төмөнкү баага ээ болгон конкурстун катышуучусу жеңүүчү болуп аныкталат.

51. Жөнөкөй сатып алуу процессинин жыйынтыгы боюнча сатып алуу процессинин протоколу түзүлөт (4-тиркемеге ылайык).

52. Зарыл болгон учурда Ишкана конкурстун катышуучусунан жөнөкөй сатып алуунун жыйынтыгы боюнча түзүлгөн келишимдин наркынын 25 пайызынан ашпаган товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча санын сатып алууга укуктуу.

53. Жөнөкөй сатып алууларды жүргүзүүдө системада кулактандыруу жарыяланат.

## 6.3. Түз келишим түзүү

54. Түз келишим түзүү аркылуу сатып алуу төмөнкү учурларда ишке ашырылат:

1) товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү даярдоочу заводдон, өндүрүүчүлөрдөн же бул товарларга, жумуштарга жана кызмат көрсөтүүлөргө карата интеллектуалдык, өзгөчө же эксклюзивдик укуктарга (автордук, дилердик ж.б.) ээ болгон жеткирүүчүдөн сатып алганда же товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн жалгыз жеткирүүчүсү болсо;

2) форс-мажордук жагдайлардын же авариялардын кесепеттерин локалдаштыруу үчүн товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алганда, токтоосуз калыбына келтирүүнү жана оңдоону талап кылган

авариялык-калыбына келтирүү иштерин жүзөгө ашырганда же болбосо Ишкананын ишинин жарым-жартылай же толук токтотулушуна таасир эткен жагдайларда;

3) Ишкана күтпөгөн күтүүсүз жагдайлардан улам күнүмдүк керектелүүчү товарларды сатып алуунун шашылыш зарылдыгы пайда болгондо;

4) Ишкананын өндүрүштүк ишин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон күнүмдүк керектелүүчү товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда.

5) топ ичиндеги кооперациянын конкурсунун катышуучуларынан товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда;

6) ачык оферта шарттарын кабыл алуу жолу менен интернет-платформаларын пайдалануу аркылуу товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда; анын ичинде виртуалдык кампа;

7) өндүрүштүк милдеттерге жетишүү үчүн пайдаланылуучу атайын конструкцияларды, комплекстерди, курулмаларды, жабдууларды жана техниканы өндүрүү, эксплуатациялоо, тейлөө жана модернизациялоо менен байланышкан товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда; анын ичинде виртуалдык кампа;

8) аймактын жашоо-турмушун камсыз кылуу системасын өнүктүрүү үчүн зарыл болгон товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүүчүдөн же конкурстун катышуучусунан (подрядчыдан) сатып алганда;

9) эгерде катышуусу чектелбеген конкурс же катышуусу чектелген конкурс болбой калса же жокко чыгарылса же болбой калды деп таанылса;

10) табигый монополиянын субъекттеринен товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда;

11) ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар тарабынан түзүлгөн, алардын саны кызматкерлердин санынын 50 пайызынан кем эмесин түзгөн уюмдардан товарларды монополияга каршы орган белгилеген баалар боюнча сатып алууда.

55. Ушул Эрежелердин 54-пунктунун 4-пунктчасында көрсөтүлгөн Ишкананын өндүрүштүк ишин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон, күн сайын керектелүүчү товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеси жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын макулдугу менен Ишкананын директору тарабынан түзүлөт жана бекитилет. Ишкананын өндүрүштүк ишин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон, күн сайын керектелүүчү товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн категориясына төмөнкүлөр кирет: күйүүчү-майлоочу май; курулуш материалдары (цемент, кум, боек, эриткич, мык, кисти ж. б.); химиялык реагенттер (хлор, техникалык туз ж. б.); чарбалык товарлар; кеңсе товарлары; изоляциялык материалдар; камдык бөлүктөр жана аспаптар; медикаменттер, жеке коргонуу каражаттары; тазалыкты жана көрктөндүрүүнү күн сайын сактоо үчүн аспаптар (шыпыргы, күрөк, лом ж.б.).

56. Келишимди түз түзүү аркылуу сатып алуу сатып алуулар методун колдонуунун зарылдыгын негиздеген сатып алуулар боюнча адистин ырастоочу документинин (кызматтык кат, акт, протокол ж.б.) негизинде жүзөгө ашырылат.

## 7-глава. Конкурстук табыштамаларды баалоо жана салыштыруу, жеңүүчүнү аныктоо

57. Конкурстук комиссия конкурстук табыштамаларды (5-тиркеме) баалоонун жана салыштыруунун жүрүшүндө жеткирүүчүлөрдөн (подрядчылардан) конкурстук табыштамаларды түшүндүрүүнү сурай алат. Түшүндүрүү тууралуу бардык суроо-талаптар жана жооптору жазуу жүзүндө берилиши керек. Конкурстук табыштаманын маңызын өзгөртүү максатында эч кандай суроо-талаптарга, сунуштарга, сүйлөшүүлөргө же уруксаттарга жол берилбейт. Конкурстук табыштамага конкурстук документациянын талаптарына жооп бербеген өзгөртүүлөрдү киргизүүгө, ошондой эле конкурстун катышуучусунан бул талаптарды аткаруу үчүн конкурстук документацияга ылайык талап кылынган жетишпеген документтерди талап кылууга жол берилбейт.

58. Конкурстук комиссия жеткирүүчүлөрдүн (подрядчылардын) квалификациялык маалыматтарын конкурстун катышуучуларынын нускамаларында баяндалган квалификациялык талаптарга ылайык баалайт.

Эгерде конкурстук табыштамалардын баалары эки же андан ашык валютада туюндурулса, анда бардык конкурстук табыштамалардын баалары конкурстук табыштамалар салынган конверттерди ачкан күндөгү Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын курсу боюнча улуттук валютага кайра эсептелинет.

59. Эгерде конкурстук табыштамада конкурстук документтерде баяндалган мүнөздөмөлөрдөн, шарттардан жана башка талаптардан олуттуу өзгөртпөгөн же олуттуу айырма болуп саналбаган анча-мынча дал келбестиктер болсо, Ишкана конкурстук табыштаманы талаптарга жооп берүүчү катары карай алат.

Төмөнкүдөй айырмалар, сүйлөшүүлөр жана жетишпеген маалыматтар же документтер олуттуу деп эсептелет, алар:

- жеткирүүлөрдүн предметине же көлөмүнө, же жумушуна, же сапатына, же конкурстук документтердин талаптарынын аткарылышына олуттуу таасир тийгизиши мүмкүн болгон;

- сатып алуучу уюмдун келишимде каралган укуктарын же конкурстук документтердин жоболоруна каршы конкурстун катышуучусунун милдеттерин олуттуу өлчөмдө чектеши мүмкүн болгон;

- белгиленген талаптарга олуттуу деңгээлде жооп берген табыштамаларды берген конкурстун башка катышуучуларын бирдей шарттарга койбогон.

60. Баалоонун жүрүшүндө сатып алуучу уюм конкурстук табыштаманы төмөнкү учурларда четке кагат, эгерде:

1) бул конкурстук табыштаманы берген жеткирүүчү (подрядчы) катышуучулардын нускамаларында белгиленген квалификациялык талаптарга ылайык келбесе;

2) жеткирүүчүлөр (подрядчылар) табыштамага кепилдик берүүчү декларацияга кол койбосо, же конкурстук табыштаманын кепилдигин камсыз кылууну бербесе (эгер конкурстук документтердин шартында талап кылынса);

3) жеткирүүчүлөрдүн (подрядчылардын) салыктар же мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү жана социалдык төлөмдөр боюнча карыздары болсо;

4) конкурстук табыштамада сунуш кылынган техникалык параметрлер конкурстук документтердин техникалык спецификациясына ылайык келбесе;

5) бул конкурстук табыштама маңызы боюнча конкурстук документтердин талаптарына жооп бербесе.

61. Демпингдик бааны пландаштырылган баанын 20 пайызынан көбүрөөгүн берүүдө Ишкана төмөнкү чаралардын бирин колдонот:

1) товарларды сатып алууда сунуш кылынган баанын жана катышуучунун контрактты жеткирүүчүнүн сунушунда көрсөтүлгөн шарттарда аткарууга жөндөмдүүлүгүнүн негиздемесин сурайт;

2) жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда сатып алуу жөнүндө документтерде көрсөтүлгөн Келишимдин аткарылышын кепилдик камсыз кылуунун өлчөмүн бир жарым эсеге көбөйтөт.

62. Товарларды сатып алууда 61-пункттун 1-пунктчасы колдонулган учурда, Ишкана жеткирүүчүдөн төмөнкүнү сурайт:

1) жеткирилип жаткан товардын баасын жана санын көрсөтүү менен өндүрүүчүнүн кепилдик катын; же анда товардын бар экендигин тастыктаган документтерди;

2) сунуш кылынган баа боюнча товарды жеткирүү мүмкүнчүлүгүн ырастаган башка документтерди жана эсептөөлөрдү.

63. Жеткирүүчү тарабынан сунушталган баа бөлүгүндө негиздеме берилбеген учурда Ишкана анын сунушун четке кагат. Ушул бөлүккө ылайык жеткирүүчүнүн сунушун четке кагуу жөнүндө Ишкананын чечими жана мындай чечимдин себептери сатып алуу жол-жоболорунун протоколуна киргизилет.

64. Конкурстук комиссия конкурстук документтердин талаптарына маңызы боюнча жооп берген жеңүүчү конкурстук табыштаманы төмөнкүдөй аныктайт:

1) эгерде бирден-бир критерийи баа болсо, берилген жеңилдиктерди эске алып эң төмөнкү баа менен;

2) эгерде конкурстук документтерде сапат критерийлери каралса, белгиленген критерийлерди эске алуу менен. Товарлардын сапаты бирдей болгон конкурстук табыштамалар түшкөн учурда эң төмөнкү баадагы конкурстук табыштама жеңүүчү болуп эсептелет.

65. Эгерде жеткирүүчүлөр (подрядчылар) тарабынан жүргүзүлгөн баалоонун жыйынтыгы боюнча конкурстук документтердин талаптарына жооп берген бирдей шарттар жана баалар менен конкурстук табыштамалар берилсе, анда сатып алуучу уюм бирдей шарттарды жана бааларды берген жеткирүүчүлөргө (подрядчыларга) баштапкы сунушталган баанын өлчөмүнөн бааны төмөндөтүү (арзандатууну берүү) мүмкүндүгү жөнүндө суроо-талап жиберет. Конкурстук табыштаманы уткан болуп эң аз бааны (эң чоң арзандатууну) берген жеткирүүчүнүн (подрядчынын) табыштамасы эсептелет.

66. Баалоонун жүрүшүндө сатып алуучу уюм жеткирүүчү (подрядчы) сунуш кылган баа сатып алуунун пландаштырылган суммасынан ашкан учурда финансылык сунуштарды четке кагат.

## 8-глава. Рынокко талдоо жүргүзүү жана сунуштарды суроо тартиби

67. Рынокту талдоо (баалардын мониторинги) сатып алуулар боюнча адис тарабынан, ошондой эле сатып алынуучу товарларга, жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө актуалдуу (колдонуудагы) бааларды аныктоо максатында сатып алуулар планынын долбоорун түзүүдө жүргүзүлөт.

68. Рынокту талдоо төмөнкүдөй этаптардан турат:

- сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жыйынтык ведомостун (тизмесин) түзүү;
- сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын, кызматтардын бааларына мониторинг жүргүзүү;
- сатып алуунун бюджетин аныктоо үчүн оптималдуу бааларды аныктоо (бардык салыктарды, бажылык тазалоону, жыйымдарды, тобокелдиктерди жана Ишкананын кампаларына жеткирүүнү эске алуу менен).

69. Баалардын мониторингине конкурстук комиссиянын мүчөлөрү кол коет жана бекитет.

70. Коммерциялык сунушту суроо, ошондой эле жооп алуу, электрондук почта, факс, прейскуранттарды басып чыгаруу, компаниянын веб-сайттарынан скриншоттор жана базарларга баруу менен белгилүү бир бааны коюу аркылуу мүмкүн болот.

71. Рынокту талдоо жана сунуштарды суроо жол-жоболору боюнча келишимге (контракт), жөнөкөй сатып алуунун жана келишимди түз түзүү ыкмасы менен сатып алуунун алкагында Ишкананын керектөөсүн канааттандырган сапатты талап кылган товарларга, жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө оптималдуу бааны сунуштаган конкурстун катышуучусу менен кол коюлат.

## 9-глава. Ишенимсиз (ак ниетсиз) конкурстун катышуучуларынын жана жеткирүүчүлөрдүн (подрядчылардын) ички реестри

72. Конкурстун ишенимсиз (ак ниетсиз) катышуучуларынын жана жеткирүүчүлөрүн (подрядчылардын) ички реестри келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарбаган жана сатып алуулар жол-жоболоруна катышуу эрежелерин бузган конкурстун катышуучуларынын жана жеткирүүчүлөрдүн (подрядчылардын) ичинен түзүлөт.

73. Ишкана конкурстун ишенимсиз (ак ниетсиз) катышуучуларын жана жеткирүүчүлөрдү (подрядчыларды) ички реестрге төмөнкү учурларда киргизүүгө укуктуу, эгерде:

- конкурстун жеңүүчүсү деп таанылган конкурстун катышуучусу жана жана жеткирүүчүлөр (подрядчылар), эгерде мындай баш тартуу конкурстун катышуучусунун финансылык, технологиялык, өндүрүштүк, техникалык мүмкүнчүлүктөрүн өзгөртүү же өзгөчө кырдаал же өзгөчө абал режимин киргизүү менен байланышкан учурларды кошпогондо, мындай режимдер киргизилгенге чейин сатып алуу жөнүндө кулактандыруу жарыяланган шартта сатып алуулар жөнүндө келишимдерди (контракттарды) түзүүдөн баш тартышса;

- конкурстун катышуучусу жана жеткирүүчү (подрядчы) алар менен түзүлгөн сатып алуулар жөнүндө келишимдер (контракттар) боюнча өз милдеттенмелерин аткарышпаса же тийиштүү түрдө аткарышпаса;

- ишкана конкурстун катышуучусу жана жеткирүүчү (подрядчылар) менен сатып алуулар жөнүндө келишимдерди (контракттарды) бир тараптуу тартипте бузса, эгерде аларды аткаруунун жүрүшүндө конкурстун катышуучусу жана жеткирүүчү (подрядчы) конкурстун катышуучусу жана жеткирүүчү (подрядчы) үчүн сатып алуу документтеринде белгиленген талаптарга жооп бербегендиги же конкурстун катышуучусу жана жеткирүүчүсү (подрядчылар) алардын мындай талаптарга ылайыктуулугу жөнүндө жалган маалымат бергендиги аныкталып, бул аларга сатып алуу жол-жоболорунун жеңүүчүсү болууга мүмкүндүк берүү менен, анын натыйжасында мындай келишимдер түзүлгөн болсо.

74. Конкурстун катышуучуларын жана жеткирүүчүлөрүн (подрядчыларды) Конкурстун ишенимсиз (ак ниетсиз) катышуучуларынын жана жеткирүүчүлөрүнүн (подрядчылардын) ички реестрине киргизүү конкурстук комиссиянын, сатып алуулар боюнча адистин сунушу боюнча Ишкананын жетекчисинин буйругуна ылайык 1 жылдык мөөнөткө жүргүзүлөт.

75. Конкурстун ишенимсиз (ак ниетсиз) катышуучуларынын жана жеткирүүчүлөрүнүн (подрядчылардын) ички реестрине киргизилүүчү талапкерлерге карата маалыматты сатып алуулар боюнча адис Ишкананын жетекчисине документтик ырастоолорду милдеттүү түрдө көрсөтүү менен берет.

76. Талапкерди Конкурстун ишенимсиз (ак ниетсиз) катышуучуларынын жана жеткирүүчүлөрүнүн (подрядчылардын) ички реестрине киргизүүнүн негиздеринин бар экендигин күбөлөндүргөн документтик ырастоолорду карап чыккандан кийин Ишкананын жетекчиси

конкурстун катышуучуларын жана жеткирүүчүлөрдү (подрядчыларды) Конкурстун ишенимсиз (ак ниетсиз) катышуучуларынын жана жеткирүүчүлөрүнүн (подрядчылардын) ички реестрине киргизүү жөнүндө чечим кабыл алат жана кабыл алынган чечимдин негиздемесин көрсөтүү менен конкурстун катышуучусуна жана жеткирүүчүсүнө (подрядчыга) жазуу жүзүндө кабарлайт.

77. Конкурстун катышуучуларын жана жеткирүүчүлөрдү (подрядчыларды) Конкурстун ишенимсиз (ак ниетсиз) катышуучуларынын жана жеткирүүчүлөрүнүн (подрядчылардын) ички реестринен чыгаруу ушул Эрежелердин 74-пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөт аяктагандан кийин ишкананын жетекчисинин буйругуна ылайык жүргүзүлөт.

78. Конкурстун ишенимсиз (ак ниетсиз) катышуучуларынын жана жеткирүүчүлөрүнүн (подрядчылардын) ички реестрин жүргүзүү сатып алуулар боюнча адис тарабынан жүзөгө ашырылат.

79. Сатып алуулардын ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн Ишкана ишенимсиз жеткирүүчүлөрдүн ички реестрин башка ишканалар жана уюмдар менен алмашууга укуктуу. Ишкана башка ишканалар менен уюмдардын ишенимсиз жеткирүүчүлөрдүн ички реестрлерин таанууга укуктуу.

## 10-глава. Корутунду жоболор

80. Конкурстун катышуучусу конкурстук документтердин талаптары боюнча конкурстук табыштамаларды берүүнүн акыркы мөөнөтү же конкурс боюнча баалоо жүргүзүлгөнгө чейин эки жумушчу күндөн кечиктирбестен, конкурс боюнча жыйынтык чыгарылгандан кийин эки жумушчу күндөн кечиктирбестен Ишканага даттануу берүүгө укуктуу. Даттанууну кароо үчүн Ишкана тарабынан конкурстук комиссиянын мүчөсү болбогон Ишкананын кызматкерлеринин ичинен комиссия түзүлөт. Конкурстун катышуучусунун даттануусу комиссия тарабынан үч жумушчу күнгө чейинки мөөнөттө каралат. Конкурстун катышуучусу даттануу боюнча комиссиянын чечимине макул болбогон учурда, конкурстун катышуучусу сот органдарына кайрылууга укуктуу.

81. Сатып алуулардын жол-жоболорун баалоону жана мониторинг жүргүзүүнү камсыз кылуу үчүн сатып алуулар боюнча адис квартал сайын отчеттук мезгилден кийинки айдын 10на чейин Ишкананын жетекчилигине жүргүзүлгөн сатып алуулар жөнүндө толук отчет берет.

82. Сатып алуулар жөнүндө келишимдер Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин ченемдери менен жөнгө салынат.

1- тиркеме

**“БЕКИТЕМ”**

**_______________жетекчиси**

**__________________________**

«_____» _________ 202_-ж.

**202 _-жылга товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуунун № _____планы**

Жылдык пландын тиби:
**Бекитилген/ Такталган план**

**Эсеп номери:**

| **№** | **Бере не** | **Аталышы** | **Сыпаттоо, мүнөздөмө** | **Саны** | **Өлчөө бирдиги** | **Баасы, сом** | **Суммасы, сом** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | | | | | | | |
| 2. | | | | | | | |
| 3. | | | | | | | |
| | | **Бардыгы:** | | | | | |

2 - тиркеме

**Товарларды/жумуштарды/ кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жол-жоболорунун ПРОТОКОЛУ**

Сатып алуучу уюмдун аталышы: ___________________________________

Юридикалык дареги жана телефон номери: _________________________

Протокол түзүлгөн дата: ________________________________________

Ушул протокол комиссиянын баалоо корутундусунун негизинде сатып алуучу уюмдун сатып алуу бөлүмү тарабынан түзүлгөн.

Сатып алуулардын предмети болуп төмөнкү саналат: “__________________ __________________.”

1. Ушул сатып алууга бөлүнгөн сумма:___________________________ **сом.**
2. Ушул сатып алууга карата каралган берене: _____________________
3. Каржылоо булагы: _________________________________________.
4. Сатып алуу методу:_________________________________________________.
5. Сатып алуу жөнүндө билдирүү:__________________________________________.
6. Сунуштарды берген катышуучулардын аты-жөнү жана юридикалык дареги:

| № | Катышуучунун аталышы | Юридикалык дареги | Датасы |
|---|---|---|---|
| 1 | | | |

7. Сунуштарды кабыл алуу датасы жана убактысы: _____________________

Документтерге талаптар

Бул пунктта кулактандырууда (Чакырууда) камтылган талаптар гана көрсөтүлөт.

| **№** | **Талаптардын аталышы** | **Документтердин талаптарынын мазмуну** | **Катышуучулардын аталышы** | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| 1 | Бул конкурска катышуучулардын аталышы | | | |
| 2 | Сунуштун жалпы | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | баасы (эгер бир нече лот болсо, ар бир лоттун баасын көрсөтүңүз) | | | |
| 3 | Сунушталган валюта | | | |
| 4 | Юридикалык статусун жана катталган жерин аныктоочу документ | | | |
| 5 | Башка талап | | | |
| 6 | Спецификациясы менен баа таблицасы | | | |
| 7 | Окшош келишимдер | | | |
| 8 | Декларация | | | |

8. Катышуучулардын сунуштарын алдын ала изилдөө.

а) Алдын ала баалоо:

Конкурстун документтеринин талаптарына шайкештиги боюнча катышуучулардын сунуштарын талдоонун жыйынтыгы боюнча төмөндөгү катышуучулар четке кагылды:

| № | Катышуучунун аталышы | Ылайык келбестиктен улам сунушту четке каккан пунктчалар |
|---|---|---|
| 1 | | |

Андан аркы баалоо 10-пунктта көрсөтүлгөн документтердин талаптарынан олуттуу четтөөлөр болбогон конкурстук табыштамалар боюнча гана жүргүзүлөт.

б) Техникалык баалоо:

Техникалык баалоонун жыйынтыгы боюнча төмөнкү катышуучулардын сунуштары техникалык талаптарга ылайык келбегендиктен четке кагылды:

| № | Катышуучунун аталышы | Документте каралган техникалык талаптардан бардык четтөөлөрдү көрсөтүү |
|---|---|---|
| 1 | | |

Бул пунктчада катышуучулардын сунуштарынын техникалык бөлүгү конкурстун документтеринин талаптары менен салыштырылат. Документтерге киргизилген техникалык талаптардан бардык четтөөлөр чагылдырылат, мында алардын кайсынысы маанилүү жана кабыл алынышы мүмкүн эмес, жана кайсынысы анча маанилүү эмес жана кабыл алынышы мүмкүн экендиги көрсөтүлөт.

9. Башка негиздер боюнча катышуучулардын сунуштарын четке кагуу:
10. Эксперттерди тартуу. Комиссиянын ишине эксперттер катары катышкандар (Катышкан учурларды белгилөө):

11.

| № | Аты-жөнү | Иштеген жери, кызматы | Корутундулардын кыскача мазмуну |
|---|---|---|---|
| 1 | | | |

12. Катышуучулардын сунуштарын баалоо жана салыштыруу. Документтердин талаптарына маани-маңызы боюнча жооп берген жана бааланган наркы бар сунуш киргизген катышуучу___________.

Сунуштун суммасы: ________________________________сомду түзөт

Бардык сунуштар төмөнкү себептер боюнча четке кагылды:

**Уюмдун жетекчиси** _______________

**Конкурстук комиссия:**

Комиссиянын төрагасы: _______________

Комиссия мүчөсү: _______________

Комиссия мүчөсү: _______________

3-тиркеме

**Конкурстук табыштамага кепилдик берүүчү декларация**

**Датасы:**

**Конкурстун номери:**

**Сатып алуучу уюм:**

Биз, ________________________________________ ________-20__-ж. “Конкурстун аталышы” товарларды жеткирүүгө карата конкурска жалпы ............ (............................) сом суммасында өзүбүздүн конкурстук табыштамабызды сунуш кылабыз суммага жана бул чечимди "________________" МИ сатып алуучусунун алдындагы милдеттенмелер менен ырастайбыз.

Бул милдеттенменин ШАРТТАРЫ төмөнкүдөй, эгерде:

а) биздин конкурстук табыштамада көрсөтүлгөн колдонуу мөөнөтүнүн ичинде өзүнүн конкурстук табыштамабызды кайра чакырып алабыз же

б) келишимге кол кое албасак же кол коюудан баш тартсак же

в) келишимди аткарууну кепилдик камсыздоону бере албасак же берүүдөн баш тартсак.

Биз, көрсөтүлгөн шарттар пайда болгон учурда, Сиз ишенимсиз жеткирүүчүлөрдүн маалымат базасына бизди киргизүү тууралуу демилгелей аларыңызды толугу менен ырастайбыз.

Бул декларация 30 күн күчүндө калат.

**Директор** ____________________

4 - ТИРКЕМЕ

**Товарларды/жумуштарды/кызмат көрсөтүүлөрдү жөнөкөй сатып алуу методу менен сатып алуу жол-жоболорунун**

**ПРОТОКОЛУ**

Сатып алуучу уюмдун аталышы: ________________________________________

Юридикалык дареги жана телефон: _____________________________________

Протоколду түзүү датасы: ______________________________________________

Сатып алуу предмети болуп: “**________________________________________**” саналат.

13. Ушул сатып алууга бөлүнгөн сумма: _____________________________________ **сом.**
14. Ушул сатып алууга каралган берене: ________________________________
15. Каржылоо булагы: ________________________________________________________.
16. Сатып алуу жөнүндө билдирүү:__________________________________________________ __________.
17. Сунуш берген катышуучулардын аталышы жана юридикалык дареги:

| № | Катышуучунун аталышы | Юридикалык дареги | Датасы |
|---|---|---|---|
| 1 | | | |
| 2 | | | |

18. Сунуштарды кабыл алуунун акыркы мөөнөтү: ____________________
19. Катышуучулар сунуш кылган баа

| № | Катышуучунун аталышы | Сатып алууга бөлүнгөн сумма | Катышуучулар сунуш кылган сумма |
|---|---|---|---|
| 1 | | | |
| 2 | | | |

20. Документтердин талаптары

Бул пунктта кулактандырууда (Чакыруу) камтылган талаптар гана көрсөтүлөт.

| № | **Талаптардын аталышы** | **Талаптардын мазмуну** | **Катышуучулардын аталышы** | |
|---|---|---|---|---|
| | | | **1** | **2** |
| 1 | Ушул конкурска катышуучулардын аталышы | | | |
| 2 | Конкурстук табыштаманын кепилдигин камсыз кылуу | | | |
| 4 | Сунушталган валюта | | | |
| 5 | Юридикалык статусун жана катталган жерин аныктоочу документ | | | |
| 6 | Башка талап | | | |
| 7 | Спецификациялары менен баа таблицасы | | | |
| 8 | Окшош келишимдер | | | |
| 9 | Декларация | | | |

21. Катышуучулардын сунуштарын алдын-ала изилдөө.

Катышуучулардын сунуштарынын конкурстук документтердин талаптарына ылайык келүүсүнө талдоо жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча төмөнкү катышуучулар четке кагылды:

| № | Катышуучунун аталышы | Ылайык келбестиктен улам сунушту четке каккан пунктчалар |
|---|---|---|
| 1 | | |

10. Техникалык баалоо:

Техникалык баалоонун жыйынтыгы боюнча катышуучулардын төмөнкү сунуштары техникалык талаптарга ылайык келбегендиктен четке кагылды:

| № | Катышуучунун аталышы | Документтерде каралган техникалык талаптардан бардык четтөөлөр көрсөтүлсүн |
|---|---|---|
| 1 | | |

Бул пунктчада катышуучулардын сунуштарынын техникалык бөлүгү конкурстук документтердин талаптары менен салыштырылат. Жана документтерге киргизилген техникалык талаптардан бардык четтөөлөр алардын кайсынысы маанилүү жана кабыл алынышы мүмкүн эмес, жана кайсынысы анча маанилүү эмес жана кабыл алынышы мүмкүн экенин көрсөтүү менен чагылдырылат.

Бардык сунуштар төмөнкү себептерден улам четке кагылды: ____________________
________________________________________________________________________________

22. Катышуучулардын сунуштарын баалоо жана салыштыруу.

Документтердин талаптарына маани-маңызы боюнча жооп берген жана___________
________________бааланган наркы бар сунуш киргизген катышуучу.

Сунуштун суммасы: ______________________________________________сомду түздү

**Уюмдун жетекчиси** ________________________

**Конкурстук комиссия:**

Комиссиянын төрагасы: ________________________

Комиссия мүчөсү: ________________________

Комиссия мүчөсү: ________________________

5 - тиркеме

**ЧЕКТЕЛБЕГЕН КАТЫШУУ МЕНЕН КОНКУРСКА КАТЫШУУГА ТАБЫШТАМАЛАРДЫ АЧУУ ПРОТОКОЛУ**

1. Сатып алуу номери: **№ ____ 2023-ж.______**чакыруу

2. Сатып алуунун аталышы: "___________________________________".

3. Тапшырыктын ээси: ______________________________________________

4. Ачык конкурска катышууга табыштамалар менен конверттерди ачуучу жер: Уюмдун дареги _____________________

5. Ачык конкурска катышууга табыштамалар менен конверттерди ачуу датасы жана убактысы: ___________________________________

6. Комиссиянын курамы:

Комиссиянын төрагасы: __________

Комиссия мүчөсү: __________

Комиссия мүчөсү: __________.

7. Конкурстун предмети жөнүндө маалымат:

**№1 ЛОТ.** ..........................................

**№2** ЛОТ..........................................

Баштапкы баасы (лоттун), сом менен:.............................................................**сом**

## №1 ЛОТ.

| № | Аталышы | Өлчөө бирд. | Саны | Баасы | Суммасы | Мүнөздөмө |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| | **Бардыгы** | | | | | |

## №2 ЛОТ.

| № | Аталышы | Өлчөө бирд | Саны | Баасы | Суммасы | Мүнөздөмө |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |

| | |
|---|---|
| **Бардыгы:** | |

Ушул ЛОТ боюнча конкурска катышууга берилген табыштамалары бар конверттердин саны:...........................

Табыштама берген катышуучулар жөнүндө маалыматтар, ошондой эле конкурстук документтерде каралган жана катышуучулардын табыштамаларында берилген маалыматтардын жана документтердин болушу № 1 тиркемеде келтирилген.

8. Конкурска катышууга табыштамалар бар конверттерди ачуу аяктаган датасы жана убактысы: ……………………………

9. Ачык конкурска катышууга табыштамалары бар конверттерди ачуу протоколуна конкурстук комиссиянын жыйынга катышкан бардык мүчөлөрү кол коюшту:

Төрага:

______________________________

(колу)

Комиссия мүчөсү:

_________________________

(колу)

Комиссия мүчөсү

_________________________

(колу)

**Ачуу протоколуна карата тиркеме**

Сатып алуу номери: Чакыруу **№ _____ 2023-ж.______**

Сатып алуунун аталышы: “**___________________________**”

Конверттерди ачуу датасы жана убактысы: ___________________

| **Табыштаманы каттоо номери** | **Табыштаманы каттоо датасы жана убактысы** | **Аталышы (юридикалык жак үчүн), фамилиясы, аты, атасынын аты (жеке жак үчүн)** | **Сатып алууларды жайгаштыруунун катышуучусунун почта дареги** | **Конкурстук документтерде каралган маалыматтардын жана документтердин болушу** |
| --- | --- | --- | --- | --- |
| **Лот № 1.** | | | | |
| 1 | | | | |

_________________________

## ЛОТ №1

## Лот №2.

| | |
|---|---|
| **Катышуучу тарабынан сунушталган сумма:** | **_________________сом** |

| **№** | **Аталышы** | **Өлчөө бирд.** | **Саны** | **Баасы** | **Суммасы** | **Мүнөздөмө** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |
| | **Бардыгы** | | | | | |

| **№** | **Бардыгы** | **Бардыгы** | **Бардыгы** | **Бардыгы** | **Бардыгы** | **Бардыгы** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |
| | **Бардыгы** | | | | | |